"Бекитемин"

Директор Дуйшембиева Т.Б

# Текшерүү иштерин жүргүзүү жөнүндө ЖОБО

## 1.Жалпы жоболор

***Бул жобо Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин жалпы билим берүүчү предметтерден текшерүү иштерин алуу жөнгө салат.***

**Максаты:**

1. Окуучулардын билим сапаты жөнүндө объективдүү маалымат алуу.
2. Окуучулардын предмет боюнча теориялык билиминин денгээлин жана практикада колдонуу билгичтигин жана көнүмдүгүн аныктоо.
3. Окуу программаларынын жана пландарынын аткарылышы жана календардык-тематикалык пландоону корректировкалоо

   Текшерүү иштердин мазмунун предметтик мугалими түзөт, метод иштер боюнча директордун орун басары же окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары бекитет.

### 2.Текшерүү иштерин өткөрүү тартиби

- Текшерүү иштер-бул учурдагы жана аралык аттестациялоо формасы пландалган программаны издештирүү жыйынтыктарын мониторинг жүргүзүүнүн формасы.
- Текшерүү иштер мектептин мониторинг жүргүзүүнүн формасы.
- Мектеп мугалимдери текшерүү иштерин текшеришет жана талдоо учун бирдиктүү формага ылайык документтерди 3 күндүн ичинде толтурушат.
- Текшерүү иш жана мониторинг жүргүзгөнгө чейин бир жумадан кечиктирбестен мугалимдерге жана окуучуларга эскертилет.
- Текшерүү иш жана мониторинг иштеринин жыйынтыгы мугалим тарабынан талданат мектептин усулдук бирикмелеринин жыйналыштарында талкууланат жана пед кенештеринде баяндалат.

### 3.Текшерүү иштерин жүргүзүүнү уюштуруу

**Мектеп админстрациясы:**

1. Текшерүү иштерди алууну камсыз кылат.
2. Текшерүү иштери боюнча маалыматтар менен камсызкылат.
3. Текшерүү иштерин уюштуруунун жана өткөрүнүн жыйынтыктары боюнча аналитикалык маалыматтарды даярдайт.
4. Мектеп денгээлине билим берүү сапатын балоонун натыйжалары боюнча башкаруучулук өнүктүрүүчүлүк чечимдерди кабыл алат.

## Мектеп методикалык кенешмеси:

1.Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык текшерүү иштерин камсыз кылат.
2.Текшерүү иштерин жүргүзүү материалдарын көзөмөлдөйт.
3.Текшерүү иштин жыйынтыгы боюнча корутунду отчетту берет.
4.Билим берүү мекемесинин денгээлинде чечим кабыл алуу боюнча сунуштарды даярдайт.

## Мектепте текшерүү иштерин уюштурууга карата талаптар:

Текшерүү иштерин жүргүзүүгө 45 мүнөт жана экинчи же үчүнчү сабакта жүргүзүлөт .

Текшерүү иш жүргүзүү этаптары:

1.Окуучуларга инструктаж берүү -3 мин

2.Бланк толтуруу (Фамилясы аты классы)-2 мин

3.Тапшырмаларды аткаруу 40мин

Окуучу тапшырманы берилген убакытта аткарат.

### Мугалимдер үчүн нускама:

- Текшерүү иштерин аткаруу үчүн уюштуруу бөлүнгөн кошкондо 45 мин берилет.
- Иш учурунда тынч жана достук кырдаал түзүлүүсү абзел.
- Текшерүү иш аткаруудан мурун мугалим текшерүү иш боюнча тапшырмалар менен тааныштыруу керек.
- Мугалим окуучуларга тапшырма аткарууга жардам бербеши керек.
- Эгер окуучу тапшырманы аткарууда кыйналып жатканын көрсө кийинки тапшырмага өтүүнү сунуштоо керек.
- Эгер окуучунун текшерүү иш боюнча суроосу болсо ага жооп берүү керек . Жумуш бүткөндөн кийин окуучулар текшерүү ишти мугалимгк тапшыруу керек.
- Мугалим текшерүү иштерди текшерип үч күндүн ичинде текшерүү иштерди талдоо үчүн бирдиктүү формага ылайык документтерди толтуруу керек.

### Окуучулар үчүн нускама (мугалим окуйт)

Балдар бүгүн силер (предмет) боюнча текшерүү иш тест тапшырмасынар. Иште жөнөкөй жана татаалыраак тапшырмалар бар. Тапшырмаларды ирети менен аткарып баарын аткарууга аракет кылгыла . Эгер тапшырманы аткарууда кыйынчылык болуп жатса, аны өткөрүп жиберип ага кийинчерээк кайтып келип иштесенер болот. Тапшырмаларды алегенде кунт коюп чыккыла. Кээде тапшырмалардын бири гана туура жообу болсо, кээ бир тапшырмалар бир нече туура жоопко ээ болооруна көнүл бургула. Тапшырмаларды аткаруудан мурда өз ишинизге фамилия, атынарды, классынарды жазгыла.